| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** | | **НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

7-октябрь 2022-ж. № 11 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын Машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндөгү 2021-жылдын 19-ноябрындагы №24 буйругуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №37 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022- жылдын 18 - январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген «Эксперттик кеңеш жөнүндө» жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 30 - сентябрындагы №427 токтомунун (№7э/с-4/1 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын Машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңешин бекитүү жөнүндөгү 2021-жылдын 19-ноябрындагы №25 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынынын машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңешинин 05.05.03 - дөнгөлөктүү жана каз тамандуу машиналар (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 05.20.01 - айыл чарбасын механикалаштыруунун технологиялары жана каражаттары (эмгектеринин жыйындысы боюнча) 05.22.10 - автомобиль транспортун эксплуатациялоо (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, техника илимдеринин доктору, доцент Темирбеков Жээнбек; 05.05.06 - тоо-кен машиналары (авторефераты боюнча), 05.05.03 - дөңгөлөктүү жана каз тамандуу машиналар (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 05.02.08 - машина куруу технологиясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, техника илимдеринин доктору, доцент Исманов Медербек Марипжанович, 05.02.08 - машина куруу технологиясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 05.05.06 - тоо-кен машиналары (автореферат боюнча),

05.02.18 – механизмдер жана машиналар назарияты (авторефераты боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, техника илимдеринин доктору, профессор Абдиумаматкадыр Ашыралиев Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы Жарлыгы менен Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.

2. Техника илимдеринин доктору, профессор Давлятов Улукбек Рыскулович 05.05.03 – дөңгөлөктүү жана каз тамандуу машиналар (авторефераты боюнча), 05.22.10 - автомобиль транспортун эксплуатациялоо (авторефераты боюнча) жана 05.22.01 - айыл чарбасын механикалаштыруунун технологиялары жана каражаттары (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча техника илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды карооо укугу менен Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын машина куруу, курулуш, архитектура, технология жана мелиорация боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б.К. Тыналиева**